**УДК:070.1:801.7(575.2)(04)**

**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,
окутуучу, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институтунун аспиранты
**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Международный университет Кыргызской Республики,
Преподаватель, аспирант НАН КР
институт языка и литературы им. Ч. Айтматова
**Toktogulova Aigul,**
International University of the Kyrgyz Republic,
teacher, toktogulova-92@mail.ru,
postgraduate student of the National Academy
of Sciences of the Kyrgyz Republic
the Institute of Language and Literature
named after Ch. Aitmatov

# КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫНДАГЫ АНАЛИТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАР

# АНАЛИТИЧЕСКИЕ МАТЕРИАЛЫ В КЫРГЫЗСКОЙ ЖУРНАЛИСТИКЕ

# ANALYTICAL MATERIALS IN KYRGYZ JOURNALISM

---

***Аннотациясы:*** *Аталган иште аналитикалык жанр боюнча жалпы түшүнүк, мазмуну жана формасы, жазуу ишиндеги өзгөчөлүктөр каралган. Кыргыз басма сөздөгү публицистикалык жанрдагы аналитикалык материалдар менен жанрдык өзгөчөлүктөрдүн республикалык жана областтык масштабдагы гезиттерде чагылдырылышы баяндалат. Ошондой эле бул багыттагы материалдарды жазуу үчүн башка жанрдагы материалдарга салыштырмалуу көп убакыт, журналисттик жогорку чеберчилик талап кылынары жөнүндө сөз болот.*

*Аналитикалык жанрдагы материалдар өз актуалдуулугун жоготпойт жана коомдогу болуп жаткан саясий экономикалык проблемалар, юридикалык маселелер, окуялар, фактылар, же коомдогу белгисиз, жашыруун маалыматтарды даярдап иликтөөгө түрткү берери баяндалган*

***Негизги сөздөр:*** *Гезиттер, аналитика, публицистика, жанрдык өзгөчөлүктөр, басма сөз.*

***Аннотация:*** *В данной работе рассмотрены общие понятия по аналитическому жанру, содержанию и форме, особенности написания. Описываются аналитические материалы публицистического жанра в Кыргызской печати и отражение жанровых особенностей в газетах республиканского и областного масштаба. Также отмечается то, что по сравнению с материалами других жанров для написания материалов данного направления требуется много времени, высокий уровень журналистских навыков.*

*Отмечается, что материалы аналитического жанра не теряют своей актуальности и служат опорой для расследования политических, экономических проблем, правовых вопросов, событий, фактов или иной неизвестной, конфиденциальной информации, происходящей в обществе.*

***Ключевые слова:*** *газеты, аналитика, публицистика, жанровые особенности, пресса.*

***Abstract:*** *This paper discusses the general concepts of the analytical genre, content and form, and features of writing. The article describes the analytical materials of the journalistic genre in the Kyrgyz press and the reflection of genre features in the newspapers of the republican and regional scale. It is also noted that in comparison with materials of other genres, writing materials in this direction requires a lot of time, a high level of journalistic skills.*

*It is noted that the materials of the analytical genre do not lose their relevance and serve as a support for the investigation of political, economic problems, legal issues, events, facts or other unknown, confidential information occurring in society.*

***Key words:*** *newspapers, analytics, journalism, genre features, press.*

---

Аналитикалык жанрдагы материалдар өз актуалдуулугун жоготпойт. Журналисттик материалдардын дээрлик баарысы маалымат түрүндөгү кабардан башталат. Коомдогу болуп жаткан окуялар, фактылар, же коомго белгисиз, жашыруун маалыматтар – бул багыттагы материалдарды даярдап иликтөөгө түрткү берет. Акыркы мезгилде кыргыз басма сөз маалымат булактары информацияларга көбүрөөк басым жасап, аналитикалык материалдарды көңүл сыртында калтырып жатышканы жашыруун эмес. Анын бирден-бир себеби аналитикалык материал даярдоодогу тажрыйбанын аздыгы, жетишпестиги. Иликтөө багытындагы чыныгы материалдын баасы катардагы калем акыдан алда канча жогору турат. Мындай материал менен алектенген журналистти кармап турууга газеталардын чама- чаркы көпчүлүк учурда жете бербейт. “Журналисттик иликтөө” профессионал журналисттерди даярдоо ишиндеги эң жаңы жана кызыктуу сабактардын бири. Иликтөө материалдарды жазган журналист катардагы жөнөкөй материалды жазган автор көңүл бурбаган деталдарды байкоосу керек. Мындайды байкап табуу расмий адамдардын сырын айттырып билүүдөн да кыйын. Иликтөөнүн сыры фактыларды чогултуп, аларды байланыштырып, топтолгон маалыматтардын жардамы менен жыйынтык чыгаруу [1]. Иликтөөнү колго алган журналист мүмкүн болушунча бардык окуяларга, фактыларга кылдат көңүл буруп турушу шарт. Бул үчүн өз кабарчылар, маалымат агенттиктери, ар кандай ишкана-мекемелер, коомдук процесстер жана башкалар аркылуу айлана-чөйрөдөгү болуп жаткан олуттуу окуялардын баарысына маани берип, өз алдынча талдап турушу абзел [2]. Журналист ар түрдүү адамдар менен сүйлөшүүдөн мурда иликтенүүчү материалдын оринтирин өздөштүрүшү керек. Бул үчүн маалыматтар топтому менен таанышат, тиешелүү документтерди карап чыгат, негизги хроникалык окуялардын катарын түзөт. Иликтенип жаткан материал үчүн маанилүү болгон маалымат булагына таяныш керек. Мындай булактарга жана алардын колдоосуна ээ болуш үчүн журналист иликтенип баштаган ишти кандай максатта колдонгонун түшүндүрүп берүүсү керек, болбосо, материал орто жолдо калып калышы ыктымал.

Журналисттик иликтөөдө материалдын түзүлүшү, формасы ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок, баарына тең коюлуучу талап – ал логикалык жактан ыраттуу болушу керек. Аналитикалык материалдарда алгач көтөрүлүп жаткан актуалдуу проблема жалпы жонунан тааныштырылып берилет, андан соң талкууланып жаткан проблемага тиешеси бар эксперттердин, окуяга күбө болгон адамдардын көз караштары, пикирлери жазылып, тиешелүү документтердин схемалары көрсөтүлөт. Соңунда окуянын мындан аркы өнүгүүсү тууралуу автор өзүнүн позициясын билдрет [3]. Сапаттуу жүргүзүлгөн журналисттик иликтөө окурмандын чоң көлөмдөгү маалыматтарды камтып турат. Ошондуктан текстти жөнөкөйлөтүп жана бөлүктөргө бөлүп жазуу өзүнүн оң натыйжаларын берет. Жөнөкөйлөтүүнүн төмөндөгүдөй ыкмаларын колдонуу максатка жеткириши мүмкүн [3].

1. Турмушта колдонулган экономикалык, финансылык схемалардын баарын эле материалда дайдалана берүүнүн анчалык деле зарылчылыгы жок. Алардын негизги маңызын гана кыскача баяндап көрсөтүү жетиштүү.

2. Чогултулган маалыматтардын белгилүү бир бөлүгүн блокнотко эле калтырган оң, айрыкча майдалап жаза берүү оң натыйжа бере бербеси белгилүү. Эгер материал жарык

көргөндөн кийин тараптар менен карама –каршылыктар пайда болуп калса, кошумча фактылар ошол мезгилде журналист иликтөөчүгө өзүнүн позициясын коргоо үчүн керектелет.

3. Жарыяланган макалада материалдар бир типтүү берилбеши керек. Материалдын айрым элементтерин өзүнчө бөлүп алып тексттин жанына же ичине берүү максатка ылайыктуу.Анан да справкалар, кошумчалар, комментарийлер, досьелер өз - өзүнчө бөлүнүп берилсе, андан бетер жакшы кабыл алынат.

4. Окурмандар көлөмдүү, чоң бир материалга караганда, бир канча майда-майда материалдарды жакшы кабыл алат. Бул жерде жанрдык көп түрдүүлүктү сактоо да жаман болбос эле. Иликтөөнүн негизги материалдары, негизги кейипкерлердин же эксперттердин бирөөсүнүн интервьюсу, окуя болгон жерде алынган репортаж жана бир канча справкалар менен толукталып турганы оң.

5. А3 форматындагы полосанын теңинен көбүн ээлеп турган материалды өз-өзүнчө тема коюлган бир канча бөлүкчөгө бөлүү оң натыйжа берет. Анткени, чоң көлөмдөгү текстти көпчүлүк окурмандар окугулары келбейт.

6. Албетте, өзүнчө чакан темаларды коюп, мазмунун бөлүп көрсөтүү материалдын жеңил кабыл алынуусуна чоң көмөгүн тийгизет. Гезит чыгаруучулар менен дизайнерлерге кошулуп, бул ишке журналист иликтөөчү да катышканы жакшы [3].

Мындан он беш жыл мурда басма сөз беттеринде аналитикалык материалдар эмес, маалымат – информациялар көбүрөөк кездешкен. Жарыяланган аналитикалык материалдар да көбүнчө берилип алдырылып жазылган, бир багытка түшө электигинен улам иликтөө иштеринде бир канча кемчиликтер болуп турган. Бүгүнкү күндө массалык маалымат каражаттарына, анын ичинде мезгилдүү басма сөз беттеринде коомдогу актуалдуу маселелерди козгогон аналитикалык материалдар жарыялана баштады. Иликтөөнүн мазмунунда мисал катары «МСН» гезитинин макалалары саясаттан социалдыкка чейинки ар кайсыл багыттагы темаларды өзүнө камтыйт. Мисал кылсак, ушул гезиттин электрондук дарегинде белгиленген журналист Рина Приживойттун 2009-жылдын 25 сентябрында «Өзгөрүүнү күтөбүз» атындагы макаласы менен ушул эле жылдын 20-ноябрында саясий абалдын мазмунунда жасылган «Мальчиш-плохиш и его команда» макаласы өз учурунда кызыгууну жараткан.

Ошондой эле, экинчи президент Бакиевдин министрлерди кызматтан бошотуп, мамлекеттик мекемелердин жоюлушун максаттаган реформаларына арналган макала дагы аналитикалык иликтөөнүн алкагында болгон. Автор бул багыттагы иштердин башаты менен тааныштырып, абалдын чыгып келүү себебин түшүндүрүп, баалоо менен алдын ала улануу сценарийинин божомолдорун белгилейт. Мисалы, «Что-то будет! Что-то будет?" - пели отрицательные герои» - деп кылдат бул реформа боюнча башталыштар эч натыйжа бербей тургандыгын маалымдайт [4].

Макалада автор аталган реформага так баа берүү менен келечегин айтууга аракет жасаган. Мына текст. «Что еще будет? Скорее всего, усилится влияние секретариата президента, набравшего большие очки и выдвинувшегося среди "белодомовских" структур на первое место, затмив собой и администрацию, и прочие органы…». «Но явно есть в резерве кто-то еще. Может быть, даже и Темир Сариев, отмежевавшийся перед июльскими выборами от радикальной оппозиции. В этом случае и зайцы будут целы, и волки сыты. Довольны останутся и международные организации, ратующие за симбиоз власти и оппозиции, и ответственную должность займет человек достаточно амбициозный, но хорошо знающий рамки дозволенного» [5].

«Кыргыз Туусу» гезити өлкөдөгү турмуштун бүткүл панорамасын камтыйт. Туруктуу бир катар рубрикаларын жарыкка чыгарып келет. “Иликтөө эмнени көрсөттү?” деген өзүнүн аналитикалык материалында журналист Т. Абдразаков мамлекеттик саясатты чагылдырып, коомчулукка жарыялап, өлкөбүздүн Жалал – Абад облусу кандай мамиледе экендигин, жазылуу, таралуу иштеринин абалын иликтеп чыккан [6]. Материалда журналист башкы суроо кылып өлкөбүздөгү жана коомубуздагы болуп жаткан жаңылыктарды, мамлекет башчысынын

ички – тышкы саясаты менен тааныштырып турчу газеталар аймактарга канчалык жетип жат- каны, расмий басма сөз каражаттары эл арасына толук жетпей, анда жашаган жергиликтүү калк маалыматтан сыртта калып жатканы маалымдалган.

**Адабияттар тизмеси**


1. Акопов А. И. Аналитические жанры публицистики. Письмо. Корреспонденция. Статья /А.И. Акопов. – Ростов н/Д, 1996. – 89 с.
2. А. А. Аналитическая журналистика: познавательно-психологический подход / А. А Тер-тычный. – М.: Гендальф, 1998. – 256 с.
3 Тертычный А. А. Расследовательская журналистика. Учебное пособие для вузов / А. А.Тертычный. - Москва, 2002. - 384 с.
4. Рина Приживойт. Мальчиш-Плохиш и его команды / «МСН” общественно-политическаягазета http://www.msn.kg/ru/news/30205/ 20 ноября 2009
5. Рина Приживойт. Ждем перемен / «МСН” общественно-политическая газетаhttp://www.msn.kg/ru/news/29368/ 25 сентября 2009
6. Абдразаков Т. “Иликтөө эмнени көрсөттү?” / Т. Абдразаков.- “Кыргыз Туусу”. Б.: Учкун,-2008-ж. №31.

Турдуалиева Б. “Арал деңизинин соолуп баратышана эмне себеп?”. “Эркин Тоо”. Б.: Учкун,-2009-ж. №26